**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС**
**ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**
**ДЕПУТАТОВ**

**«28» -май 2026-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги XXVI сессия**

**ТОКТОМ** **№4** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарынын муниципалдык менчигиндеги жер тилкени оперативдүү башкарууга өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” мыйзамына ылайык, Манас шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 24-апрелиндеги чыг.№01-18/2606 сандуу каты, Манас шаардык депутаттар кеңешинин курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XXVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын Спутник-6 көчөсүнүн №35 дарегинде жайгашкан 600,0 чарчы метр (идентификациялык коду 3-10-01-0022-3952) муниципалдык жер тилкесин Жалал-Абад областынын прокуратурасына кызматтык үй куруууга оперативдүү башкарууга өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Манас шаарынын мэрине (А.Маткаликов), Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Э.Омошев) жерлерди оперативдүү башкарууга берүүдө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Манас шаарынын www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Талант у.А.**